***Баткен облустук  статистика башкармалыгы***

# *Баткен облусунун*
# *социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-июль*

*(Алдын ала  маалыматтар)*

## *Айлык чыгарылыш*

**Баткен-2025**

# Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Закиров Ж.Д.

Мүчөлөрү: -Салиева У.С.
-Абдиева Ш.К.
-Сатыбалдиева Д.М.
-Абдимахамат у А.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2025-жылдын январь-июль айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 21 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2025-жылдын 15-августу.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

# М А З М У Н У


| | | |
|---|---|---|
| **I** | **Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………** | 4 |
| **II** | **Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр……………………** | 5 |
| **III** | **Сектордук обзор……………………………………………………..** | 6 |
| | **Реалдуу сектор…………………………………………………………** | 6 |
| | Өнөр жайы……………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым……………………………………………………... | 7 |
| | Турак жай........................................................................................ | 8 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу…………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу…………………………………………………... | 8 |
| | Кызмат көрсөтүү........................................................................... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| **IV** | **Мамлекеттик сектор…...……………………………………………** | 12 |
| | Финансы………………………………………………………………. | 12 |
| **V** | **Социалдык сектор……………………………………………………..** | 12 |
| | Демографиялык жагдай.................................................................... | 12 |
| | Калктын оорулары........................................................................... | 13 |
| | Укук бузуулар.................................................................................... | 13 |
| | **Тиркеме…………………………………………………………………** | 14 |

# ОБЛУСТУН 2025-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-ИЮЛЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2025-жылдын январь-июль айларында 5461714,3 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 127,5 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2025-жылдын январь-июль айларында 12088,2 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 98,3 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-июль айларында 3403705,0 миң сомго барабар болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу 3,6 пайызга төмөндөгөн.

2025-жылдын январь-июль айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 33805,0 чарчы метр болгон 254 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-июль айларынын денгээлине салыштырмалуу 72,0 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 806430,2 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-июль айларында 851,8 миң тонна жүк ташылып, 2024-жылдын январь-июль айларына салыштырмалуу 106,7 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 135552,4 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 106,4 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке жактар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2025-жылдын январь-июль айларында 21666477,2 миң сомду түзүп, 2024-жылдын январь-июль айларынын денгээлинен 9,3 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2025-жылдын январь-июль айларында 17463765,6 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2024-жылдын январь-июль айларынын деңгээлинен 10,7 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-июль айларында 4202711,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 3,0 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-июль айларын 2024-жылдын январь-июль айларына салыштырганда 108,3 пайызды, ал эми ушул жылдын июль айын 2024-жылдын декабрь айына салыштырганда 104,5 пайызды түздү.

Облус боюнча 2025-жылдын июнь айында бир айлык орточо эмгек акы 34409,6 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 10,9 пайызга өскөн. 2025-жылдын январь-июнь айларында бир айлык орточо эмгек акы 30912,6 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 13,0 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2025-жылдын январь-июль айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бактериялуу дизентерия, ичегинин өткүр инфекциясы, бруцеллез, сифилис, инфекциялык ВИЧ, кургак учук, өткүр респиративдүү ооруларынын өскөндүгү байкалат. Ал эми вирустуу гепатит А түрү, эхинококкоз, гонорея, эпидемиялык паротит, жаныбарлардын тиштеп алуусу, аскаридоз, котур ооруларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

## II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2025ж. январь-июль айларында | 2025ж. июль айы 2024ж. июль айына карата пайыз менен | 2025-жылдын январь-июль айлары 2024-жылдын январь-июль айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 5461714,3 | 129,7 | 127,5 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 12088,2 | 86,9 | 98,3 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 3403705,0 | 62,7 | 96,4 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 33805,0 | 50,9 | 72,0 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 851,8 | 108,4 | 106,7 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 135552,4 | 110,7 | 106,4 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 21666477,2 | 117,9 | 109,3 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 17463765,6 | 115,9 | 110,7 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 4202711,6 | 126,9 | 103,0 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 30912,6[1)] | 110,9[2)] | 113,0[3)] |

1) 2025ж. январь-июнь
2) 2025ж. июнь
3) 2025ж. январь-июнь

# III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

**<u>Өнөр жайы.</u>** Облус боюнча 2025-жылдын январь-июль айларына 5461714,3 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 127,5 пайызды түздү.

Пайдалуу кендерди казуу өндүрүшүнүн көлөмү 2057265,0 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 37,7 пайызын, иштетүү өнөр жайы 2155872,3 миң сомду же 39,5 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 1126667,0 миң сомду же 20,6 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 121910,0 миң сомду же 2,2 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-июль айларында 2057265,0 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 148,3 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-июль айларында 727471,8 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 310565,7 тоннага көп көмүр өндүрүлгөн.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 2155872,3 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 127,6 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 650818,3 миң сомду (көлөмдүн 30,2 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 56456,2 миң сомду (көлөмдүн 2,6 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 19036,0 миң сомду (көлөмдүн 0,9 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 1140269,0 миң сомду (көлөмдүн 52,9 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 44809,7 миң сомду (2,1 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 113976,3 миң сомду (5,3 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-июль айында өткөн жылдын январь айларына салыштырмалуу физикалык көлөмдүн индекси 125,6 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 11,3 пайызга, жаны бышкан нан 1,0 пайызга, тазартылган күрүч 9,3 пайызга, кондитердик азыктар 14,7 пайызга, күрөн көмүр 74,5 пайызга, бышырылган керамика крипичи19,9 пайызга, бут кийим 69,8 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 45,1 пайызга көп өндүрүлгөн.

*2025-жылдын январь-июль айларында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 56456,2 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-июль айларындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 100,6 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-июль айларында 44809,7 миң сомдук продукция чыгарылды, индекси өткөн жылдын январь айларына салыштырганда физикалык көлөмдүн индекси 74,3 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-июль* айларында 1126667,0 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 101,0 пайызды, *сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү* 121910,0 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 124,5 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)



Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын
үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




**Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы**. 2025-жылдын январь-июль айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 12088,2 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 98,3 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июль айларында 13513,3 тонна эт, 59459,0 тонна сүт, 13492,4 миң даана жумуртка, 613,4 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 1,3, сүт өндүрүү 2,6, жумуртка өндүрүү 12,5, жүн өндүрүү 1,6 пайызга өскөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен районунда 1,3, Кадамжай районунда 0,8, Лейлек районунда 2,0, Кызыл-Кыя шаарында 0,2, Сүлүктү шаарында 1,5, Баткен шаарында 0,5 пайызга өскөн. Сүт өндүрүү Баткен районунда 1,8, Кадамжай районунда 3,7, Лейлек районунда 1,8, Кызыл-Кыя шаарында 0,2, Сүлүктү шаарында 4,3, Баткен шаарында 1,3 пайызга көп өндүрүлгөн. Жумуртканы Баткен району 19,6, Кадамжай району 6,6, Лейлек району 2,5, Баткен шаары 16,9, Кызыл-Кыя шаары 0,3, Сүлүктү шаары 176,3 пайызга көп өндүргөн. Жүн өндүрүү Баткен районунда 2,3, Кадамжай районунда 0,1, Лейлек районунда 3,0, Сүлүктү шаарында 3,2 пайызга өскөн.Ал эми Баткен шаары жана Кызыл-Кыя шаары өткөн жылдын денгээлинде калган.

Облус боюнча 2025-жылдын 1- августуна карата 25397,7 тонна дан эгиндери жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 113,8 пайызды түздү. Бардык дан эгиндерин өндүрүү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Кызыл-Кыя шаарында 19,7 эсеге, Баткен районунда 7,2, Лейлек районунда 15,8, Баткен шаарында 32,3, пайызга өскөн. Ал эми Кадамжай районунда 94,1 пайызды түзгөн. Анын ичинен буудай 15894,3 тонна же 127,1 пайызды, арпа 9503,4 тонна же 96,8 пайызды түзгөн. Картошка 15119,4 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 121,1 пайызды, жашылча 22953,1 тонна же 85,2 пайызды, мөмө-жемиш 23644,6 тонна же 82,2 пайызды түздү.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу картошка казып алуу Лейлек районунда 4,0 эсеге, Кызыл-Кыя шаарында 3,3 эсеге, Баткен районунда 3,4 пайызга өскөн. Ал эми Кадамжай районунда 19,3 пайызга төмөндөгөн. Жашылча жыйноо Кызыл-Кыя шаарында 2,6 эсеге, Баткен районунда 2,0, Лейлек районунда 7,0, Баткен шаарында 12,6 пайызга өскөн. Ал эми Кадамжай районунда 46,9 пайызга төмөндөгөн. Мөмө-жемиш өндүрүү Баткен шаарында 6,5, Лейлек районунда 52,3, Кызыл-Кыя шаарында 90,1 пайызга өскөн. Ал эми Баткен району өткөн жылдын деңгээлинде каган, Кадамжай районунда 62,7 пайызга төмөндөгөн.

**Капиталдык салым.** 2025-жылдын январь-июль айларында 3403705,0 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2024-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 96,4 пайызды түздү. Капиталдык салымдар Кадамжай районунда 2,6 эсеге, Баткен шаарында 3,6 эсеге, Сүлүктү шаарында 1,1 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 38,7 пайызга, Лейлек районунда 76,0 пайызга, Кызыл-Кыя шаарында 4,0 пайызга азайган. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаты жана республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 92,7 пайызы подряддык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




**Турак жай.** 2025-жылдын январь-июль айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 33805,0 чарчы метр болгон 254 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 72,0 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 806430,2 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өздүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**Транспорт жана байланыш.** 2025-жылдын январь-июль айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 851,8 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-июль айларына салыштырмалуу 106,7 пайызды түздү.

2025-жылдын январь-июль айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 6750,1 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 135552,4 миң жүргүнчү-км түздү (2024-жылдын январь-июль айларына салыштырмалуу 106,4 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2025-жылдын январь-июль айларында жеке жактардын транспорту жана Баткен, Кызыл-Кыя шаардык муниципалдык ишканалары тарабынан жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2025-жылдын январь-июль айларында 21666477,2 миң сомду түзүп, 2024-жылдын январь-июль айларына салыштырмалуу 9,3 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 18474432,4 миң сом болуп 8,2 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, күйүүчү майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды ондоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-июль айларында 16445965,0 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11,4 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана күйүүчү майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 7813350,4 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 5,9 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 47,5 пайызды түздү.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-июль айларында 24300,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 7,3 пайызга төмөндөгөн.

Күйүүчү майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-июль айларында 6204999,3 миң сомду түздү, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 15,9 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) ушул жылдын январь-июль айларында 17463765,6 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 10,7 пайызга өскөн.

***Кызмат көрсөтүү.*** Үстүбүздөгү жылдын январь-июль айларында 4202711,6 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 3,0 пайызга өскөн.

Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо 471631,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,7 пайызга өскөн.

Маалымат жана байланыш ушул жылдын январь-июль айларында 74622,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,4 пайызга төмөндөгөн.

Финансылык ортомчулук жана камсыздоо ушул жылдын январь-июль айларында 2299265,3 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 0,6 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 54,7 пайызды түздү.

Кыймылсыз мүлк операциялары ушул жылдын январь-июль айларында 176640,4 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,1 пайызга төмөндөн.

Илимий, техникалык адистиктеги ишмердүүлүк ушул жылдын январь-июль айларында 188187,0 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 3,7 пайызга төмөндөгөн.

Мамлекеттик жана көмөкчү ишмердүүлүк ушул жылдын январь-июль айларында 27916,3 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,0 пайызга өскөн.

Билим берүү ушул жылдын январь-июль айларында 615889,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 13,1 пайызга өскөн.

Саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү ушул жылдын январь-июль айларында 189977,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 9,5 пайызга өскөн.

Маданий, көңүл ачуу жана дем алуу ушул жылдын январь-июль айларында 29385,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын дэңгээлинде калды.

**Эмгек рыногу жана эмгек акы.** Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2025-жылдын 1-августуна карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 10571 адамды түздү, анын ичинен 7006 адам жумушсуздук статусун алган.

Июль айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 45 адамды түздү. 2025-жылдын 1-августуна карата 118 жумушчу орун болду. Бир бош жумуш ордуна 90 адам туура келди.

Облус боюнча 2025-жылдын июнь айында бир айлык орточо эмгек акы 34409,6 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 10,9 пайызга өскөн. 2025-жылдын январь-июнь айларында бир айлык орточо эмгек акы 30912,6 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 13,0 пайызга өскөн.

Эмгек акы июнь айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу тоокен казуу тармагында, өнөр жайды кайра иштетүү тармагында, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, курулуш, дүң жана чекене соода; автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоофинансалык ортомчулук жана камсыздандыруу, кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, административдик жана көмөкчү чарба, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу; милдеттүү социалдык камсыздоо, билим берүү тармагында, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү тармактары боюнча өсүү болгон. Ал эми токой чарбасы, айыл чарба жана балыкчылык тармагында 9,1 пайызга, информация жана байланыш 3,6 пайызга жана маданий көңүл ачуу, дем алуу тармактары боюнча 6,7 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2025-жылдын июнь айында 393,6 долларды түздү.

2025-жылдын 1-июлуна карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 1838,8 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 11,2 пайызга төмөндөгөн. Эмгек акы төлөө боюнча карыз Кызыл-Кыя шаарына тиешелүү.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)



**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-июль айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 103,2 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 108,4 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 97,3 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2025-жылдын июль айында өткөн жылдын июль айына салыштырмалуу 121,3 пайызды түздү. Ал эми 2025-жылдын январь-июль айлары өткөн жылдын январь-июль айларына салыштырмалуу 121,2 пайызды түздү.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-июль айларында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 108,3 пайызды, ал эми үстүбүздөгү жылдын июль айын 2024-жылдын декабрь айына салыштырганда 104,5 пайызды түздү.

Ушул жылдын июль айында өткөн айга салыштырмалуу макарон азыктары 1,4 пайызга, жумуртканын баасы 11,5 пайызга, күн карама майынын баасы 3,2 пайызга жогорулаган. Калган азыктардын баасы өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 96,4 | 93,1 | 98,9 | 95,1 | 113,3 | 100,0 | 100,0 | 88,0 | 112,0 |
| февраль | 103,4 | 101,9 | 100,0 | 100,0 | 105,5 | 107,0 | 100,0 | 100,2 | 101,4 |
| март | 102,6 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 102,7 | 101,2 | 100,0 | 100,0 | 100,9 |
| апрель | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 88,7 | 100,0 |
| май | 101,2 | 101,0 | 100,0 | 100,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 86,3 | 101,8 |
| июнь | 101,4 | 101,1 | 106,7 | 100,9 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 110,9 | 102,2 |
| июль | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 111,5 | 103,2 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу сабиз 11,0 пайызга, алма 12,9 пайызга жогорулаган. Ал эми пияз 6,5 пайызга, картошка 8,8 пайызга төмөндөгөн. Кургатылган өрүк, грек жаңгагынын баасы өз ордунда калган.

**Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 109,5 | 150,5 | 112,0 | 72,0 | 86,0 | 100,0 |
| февраль | 100,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| март | 100,0 | 108,2 | 104,2 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| апрель | 100,0 | 103,6 | 103,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| май | 150,0 | 102,2 | 104,7 | 100,0 | 106,6 | 100,0 |
| июнь | 103,4 | 98,1 | 117,5 | 105,1 | 113,4 | 100,0 |
| июль | 93,5 | 91,2 | 111,0 | 112,9 | 100,0 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын июль айында өткөн июнь айына салыштырмалуу кийим 0,5 пайызга, күйүүчү майлоочу материалдар 2,2 пайызга, бензин 2,2 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 0,2 пайызга, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника 0,3 пайызга жогорулаган. Ал эми калган азык-түлүк товарлар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(пайыз менен)

| | 2025ж. январь-июлу 2024ж. январь-июлуна карата | 2025ж июль 2024ж. декабрына карата | 2025ж июль 2025ж. июнуна карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 101,4 | 100,3 | 100,5 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 94,1 | 100,0 | 100,0 |
| Бут кийим | 120,3 | 100,5 | 100,0 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 121,5 | 101,0 | 100,0 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 103,7 | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 135,3 | 88,01 | 100,0 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 101,5 | 103,9 | 102,2 |
| Бензин | 101,6 | 104,0 | 102,2 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 102,4 | 103,8 | 100,3 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 134,7 | 124,5 | 100,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 107,5 | 107,7 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 109,8 | 102,9 | 100,2 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын июль айында амбулаториялык тейлөөлөр 7,6 пайызга, маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр 9,4 пайызга, чач тарач тейлөөсү 6,4 пайызга, мейманканаларды жана ресторандардын тейлөөлөрү 1,7 пайызга өскөн. Ал эми калган тейлөөлөр өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**

(пайыз менен)

| | 2025ж. январь-июлу 2024ж. январь-июлуна карата | 2025ж июлу 2024ж. декабрына карата | 2025ж июлу 2025ж. июнуна карата |
|---|---|---|---|
| Амбулаториялык тейлөөлөр | [illegible] | 107,6 / 100,0 | 107,6 / 100,0 |
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 107,8 | 100,0 | 100,0 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,0 | 99,9 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 118,6 | 124,0 | 109,4 |
| Билим берүү тейлөөсү | 131,4 | 107,7 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 104,4 | 102,1 | 101,7 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 103,0 | 121,5 | 106,4 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

## Керектөө бааларынын индекси

(Өткн жылга салыштырмалуу, пайыз менен)




## МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОР

**Финансы.** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2025-жылдын январь-июнь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 1960,0 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 2,2 эсеге көп аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 1865,6 млн. сомду түзүп, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 24,8 пайызга, ал эми чыгашалар 11,7 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2025-жылдын январь-июнь айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2025-жылдын январь-июнь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 570,8 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшкөн. Жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 8,5 пайызга, товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 62,9 пайызга, киреше жана пайда салыгы 8,2 пайызга өскөн. Ал эми соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин көбөйгөнү байкалды. Алсак 2024-жылдын январь-июнь айларында жалпы кирешенин 10,3 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2025-жылдын январь-июнь айларында 56,6 пайызын түзгөн. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн мамлекеттик сектордун ыктыярдуу трансферттер жана гранттар түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 90,8 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 14,3 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 13,0 пайызга көбөйгөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2025-жылдын январь-июнь айларында 529,8 млн. сомду түзүп, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 8,2 пайызга өскөн. Чыгашалардын 54,4 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, 35,6 пайызы турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө, 10,0 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, саламаттыкты сактоо жана билим берүүгө жумшалган.

## СОЦИАЛДЫК СЕКТОР

**Демографиялык жагдай.** 2025-жылдын январь-июнь айларында Баткен облусу боюнча 6386 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 564 балага азайган), же калктын 1000 не 21,6 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 1136 адам өлгөн (2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 47 адамга азайган), же калктын 1000 не алганда 3,8 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 5250 адамды, же 1000 кишиге 17,8 түздү.

2025-жылдын январь-июнь айларында 49 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 7,7 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 30 балага азайган.

**Калктын оорулары**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2025-жылдын январь-июль айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Бактериялуу дизентерия менен 46 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 64,3 пайызга, ичегинин өткүр инфекциясы менен 1881 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 59,3 пайызга өскөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 829 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 45,7 пайызга, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 826 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 45,7 пайызга жана эпидемиялык паротит менен 3 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 85,6 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөнкүдөй байкалат* жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 355 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 15,5 пайызга, эхинококкоз оорусу менен 11 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 26,7 пайызга жана аскаридоз менен 376 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,3 пайызга төмөндөгөн. Ал эми бурцеллез оорусу менен 60 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 13,2 пайызга өскөн.

*Паразитардык оорулардан* инфекциялык ВИЧ оорусу менен 18 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 20,0 пайызга, сифилис ооруусу менен 10 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2 эсеге өскөн. Ал эми котур оорусу менен 24 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 20,0 пайызга, гонорея оорусу менен 1 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 91,7 пайызга төмөндөгөн. Педикулез ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 17330 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 29,5 пайызга, кургак учук менен ооруган 144 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 8,3 пайызга өскөн.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2025-жылдын январь-июнь айларында облус боюнча 663 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,3 пайызга же 37 кылмышка азайган. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; алдамчылык 114, ээнбаштык 17, уурулук 103, кызматтык кылмыштар 64, экономика тармагында 22 кылмыш, 15 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2025-жылдын январь-июнь айларында 570 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 72 адамга өскөн.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар 54, ишкерлер 8, эч жерде иштебеген жана окубагандар 395, мектеп окуучулары 29, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 13 түздү. Ал эми кызматкерлер катталган жок.

**Облустук статистика башкармалыгынын жетекчиси: Ж. Закиров**

| | | бети |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| | Өнөр жайы | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү…………… | 15 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү………........................………............... | 16 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……..........................................………............. | 16 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………… ……………………………… | 17 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………………. | 18 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..………………………….......... | 18 |
| 7 | Аймактар боюнча негизги айыл-чарба эгиндеринин түшүмүн жыйноонун жүрүшү........................................... | 19 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү............. | 20 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү.................................................................................. | 20 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы.......................................................................... | 22 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подряддык жумуштар көлөмү......................................... | 22 |
| 12 | Облус боюнча турак-жай курулушунун аткарылышы, ……………………………………………………. | 22 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши......................................................................…...... | 23 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………………………………………………. | 24 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………………….. | 25 |
| | Керектөө рыногу | |
| 17 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…...............………........ | 25 |
| 18 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү, коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 26 |
| 19 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 26 |
| 20 | Калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүү, ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы................. | 27 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 21 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары ............ | 28 |
| 22 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, акыркы айда | 29 |
| 23 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, жыл башынан | 29 |
| 24 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында катталган жумушсуздар саны.................................................................................................................................... | 30 |
| 25 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында жумушсуздук статусун алгандар саны....................................................................................................................... | 30 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| 26 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………... | 31 |
| 27 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 31 |
| 28 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………....... | 32 |
| 29 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ………………………………....... | 32 |
| | Социалдык сектор | |
| 30 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү.................................................................................... | 33 |
| 31 | Калктын төрөөлүү, өлүү жана табигий өсүүсү боюнча катышы...............................................................….. | 33 |
| 32 | Жаш балдардын өлүмү.................................................................................................................................. | 33 |
| 33 | Облус боюнча жаш балдардын өлүмүнүн катышы....................................................................................... | 33 |
| 34 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны............................................................................................. | 34 |
| 35 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы........................................................................................ | 34 |
| 36 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………… | 34 |
| 37 | Катталган кылмыштар саны……………………………………………………………………………….. | 35 |
| 38 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар…………………………………………………………. | 35 |
| 39 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………………………… | 35 |

# РЕАЛДЫК СЕКТОР

## ӨНӨР ЖАЙЫ

**Таблица 1.** Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2025-жылдын январь-июль айлары

( миң сом)

| | 2024 | 2025 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **4084728,1** | **5461714,3** | **127,5** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **1237999,4** | **2057265,0** | **148,3** |
| 1. Күрөн көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 995855,5 | 1778057,0 | 174,5 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 221004,2 | 213178,5 | 90,8 |
| 3.Металл рудасын өндүрүү | | | |
| -түстүү металл рудасын өндүрүү | 102592,3 | 39211,3 | 230,8 |
| 4. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 8547,4 | 26818,2 | 294 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **1746647,7** | **2155872,3** | **127,6** |
| 1.Тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктер менен тамеки кошо | 510036,3 | 650818,3 | 125,6 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 481753,4 | 525023,9 | 105,6 |
| -суусундук өндүрүү | 27319,9 | 124815,6 | 617,6 |
| -тамеки өндүрүү | 963,0 | 978,8 | 102,5 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 72500,4 | 56456,2 | 100,6 |
| -текстил өндүрүшү | 34457,8 | 8175,3 | 116,3 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 37696,2 | 47506,5 | 64,1 |
| -булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 346,4 | 774,4 | 200,0 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 17172,3 | 19036,0 | 108,1 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 16659,8 | 18543,5 | 108,2 |
| -басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 512,5 | 492,5 | 90,5 |
| 4. Химия өндүрүшү | 64218,7 | 130506,8 | 339,1 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 932432,4 | 1140269,0 | 113,4 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 47635,4 | 44809,7 | 74,3 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 102652,2 | 113376,3 | 107,4 |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **918632,3** | **1126667,0** | **101,0** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **91448,7** | **121910,0** | **124,5** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2025-жылдын январь-июль айлары**

(миң сом)

| | 2024 | 2025 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| **Область боюнча:** | **4084728,1** | **5461714,3** | **129,7** | **127,5** |
| Электр энергиясыз | 3189971,4 | 4358139,1 | 101,0 | 92,5 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 140067,2 | 282255,9 | 80,8 | 162,3 |
| Кадамжай | 997370,5 | 1467850,1 | 141,0 | 113,5 |
| Лейлек | 421836,1 | 445731,9 | 106,1 | 99,6 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 999088,4 | 1235711,4 | 135,0 | 101,0 |
| Электр энергиясыз | 104331,7 | 132136,2 | 110,2 | 106,5 |
| Кызыл-Кыя | 923105,9 | 999630,6 | 97,9 | 103,2 |
| Сүлүктү | 603260,0 | 1030534,4 | 166,8 | 160,9 |

Таблица 3. **Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өлчөө бирдиги | 2024 | 2025 | 2025ж. январь-июль айлары 2024ж. январь-июль айларына % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | Январь-июль | | |
| Күрөн көмүр | тонна | 416906,1 | 727471,8 | 174,5 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 7918,8 | 9492,9 | 119,9 |
| Бут кийим | жуп | 139,0 | 236,0 | 169,8 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 816,4 | 858,8 | 105,2 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | 333,5 | 433,4 | 129,1 |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 2929,8 | 4251,2 | 145,1 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 62,7 | 66,7 | 106,4 |
| Жаны бышкан нан | тонна | 5745,0 | 5802,6 | 101,0 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 82299,0 | 91629,0 | 111,3 |
| Тамеки | тонна | 121,0 | 124,0 | 102,5 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 4458,0 | 5276,8 | 118,4 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 715,5 | 781,8 | 109,3 |
| Кондитер азыктары | тонна | 413,6 | 474,2 | 114,7 |
| Килемдер | даана | 196,0 | 209,0 | 106,6 |
| Жашылча жемиштин шербети | миң литр | 0,9 | 1,5 | 166,7 |
| Иштетилген сүт | тонна | 25,7 | 36,1 | 140,5 |
| Балмуздак | тонна | 51,8 | 60,2 | 116,2 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 12785,0 | 25351,0 | 198,3 |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 66184,0 | 22465,0 | 33,9 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 6,5 | 5,9 | 90,8 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | млн.кв.с | 525,0 | 558,7 | 106,4 |

Таблица 4. **Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү 2025-жылдын январь-июль айларында**

| | 2024 | 2025 | 2025 % 2024 | 2024 | 2025 | 2025 % 2024 | 2024 | 2025 | 2025 % 2024 |
